ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын 510200 – “ Колдонмо математика жана информатика ” билим берүү багыты боюнча иш берүүчүлөрүнүн, бүтүрүүчүлөрүнүн жана студенттеринин 2021-жылдын 23апрелинде болгон тегерек столунун

**П Р О Т О К О Л У**

**Төрага:** Азимов Б.А.

**Катчы:** Абдивоситова А.Г.

**Катышкандар**: КМИГД кафедрасынын окутуучулук курамы жана студенттери, иш берүүчүлөр.

**К Ү Н  Т А Р Т И Б И:**

**1.** 510200 – “ Колдонмо математика жана информатика ” билим берүү багыты боюнча иш берүүчүлөрүнүн, бүтүрүүчүлөрүнүн жана студенттеринин катышуусунда атайын дисциплиналарды окутуунун усулдарын жана студенттердин жумуш орду менен камсыз кылуу боюнча талкулоо.

**УГУЛДУ:**

**Иш-чараны жүрүшү:**

Алгач сөздү тегерек столдун уюштуруучусу, КМИГД кафедрасынын башчысы ф.-м.и.к., доцент Б.Азимов баштап катышуучуларга иш берүүчүлөрдү  факультеттин жамаатына жана студенттерине тааныштырды. Иш-чараны ачып берип МИТ факультетинин деканы, ф.-м.и.к., доцент У.А. Сопуевге сөз берди.

МИТ факультетинин деканы, ф.-м.и.к., доцент У.А. Сопуев баары менен саламдашып университет жана факультетти иш-берүүчүлөргө тааныштырып өттү. Андан тышкары 510200 – “ Колдонмо математика жана информатика ” билим берүү программасы боюнча да кыскача баяндап берди.

**С. Жунусбаев** - Ош шаардык Сулайман Тоо аймактык башкармалыгынын башчысы:

- " Колдонмо математика жана информатика " адистиги ачылганы бул жакшы,анткени шаардык инфраструктураны өнүктүрүүдө, жаңы курулуштарды курууда, компьютер дизайнердин жардамына муктаж экенин өз сөзүндө баса белгиледи. Ош шаардык мэриясы тарабынан шаарды көрктөндүрүү боюнча, дүйнөлүк стандартка туура келген “Solidworks” программасын жана жаңы имараттарды проектирлөө үчүн “Архитектуралык долбоорлоо” программаларын да окуу программасына киргизүүнү сунушташты. Бир канча кварталдык комитеттердин журналдарын, электрондук журналга өтүп ага биздин студенттер жардам берип жатканын айтып факультетибизге ыраазычылык билдирди.

**Ж.Асанов** - Ош электро ААК.улук бухгалтери:

- Колдонмо математика жана информатика (математика жана системалык программист) адистигине "Өндүрүштү автоматташтыруу жана роботтоштуруу"-деген предметти окутуубузду сунуштады.

КМИГД кафедрасынын башчысы бүт келип берген коноктор ыраазычылык билдирүү менен аларга ыраазычылык каттарын тапшырды. Сунуш пикирлер эске алынаарын жана коомго пайдасы тийген адистерди даярдоого өзгөчө көңүл бурарын айтып өттү.

Тегерек стол жогорудагы маселелерди талкуулап төмөнкүдөй ТОКТОМ кабыл алат:

1. Тегерек столдун жыйынтыгында дагы да мындай иш-чараларды баймабай өткөрүп туруу жана пайдалуулугун талкулоо.

   Кийинки иш-берүүчүлөр менен жолугушууларды уюштуруу жана алар менен кызматташууну колго алуу иштери жүктөлдү.

КМИГД кафедрасынын башчысы,

ф.-м.и.к., доцент Азимов Б.А.

Катчы Абдивоситова А.Г.